УДК: 94 (575.2)

Кадыракун уулу Калысбек

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН АЛГАЧКЫ ОН ЖЫЛДЫГЫНДАГЫ ЫСЫККӨЛ ОБЛАСТЫНЫН ДЕМОГРАФИЯЛЫК ӨСҮШҮ

Ысыккөл областынын калкынын саны 40-жыл ичинде 1,8 эсеге көбөйгөн. Бул болсо өлкөнүн өнүгүшүнүн стратегиялык ресурсу катары бааланат. Бирок бул өсүш ички дүң продуктунун динамикасына, инфляциянын деңгээлине жана миграцияга көрүнүктүү таасир бере албайт.

Азыркы күндө Ысыккөл областында 5 административдик–территориялык райондордон жана 3 шаардан, шаар тибиндеги 5 айыл, 58 айыл кеңеши жана 181 калктуу айыл пункттарын өз курамына алат.

Областын административдик борбору болуп Каракол шаары эсептелет жана ал Ысыккөлдүн түндүк жээгинин чыгышынан орун алган. Шаар Кыргызстандын башка шаарлары сыяктуу эле Улуу Жибек Жолунун жээгинен орун алган.

Ысыккөл областынын аймагындагы жайгашуунун деңгээлине табийгый-климаттык шарттар менен аймактын экономикалык өздөштүрүүсүнүн деңгээли таасир берет: өндүрүштүн өнүгүшүнүн деңгээли, айыл чарбасы, транспорт, социалдык инфраструктура ж.б.

Эл жана анын активдүү бөлүгү – экономикалык, биологиялык, социалдык, экологиялык ж.б. факторлордун таасиринен сапаттык жана сандык болуп өзгөрөт. Калк-коомдук өндүрүштүн субъектиси жана негизи. Анын сандык жана сапаттык өзгөрүшүнөн райондун, областын же жалпы Республиканын коомдук өндүрүшүнүн темпи менен экономикалык өнүгүшүнүн масштабы көзкаранды болот.

2003-жылдын 1-январына карата областын калкынын саны 422,1 миң адам, ал эми 1963-жылы 236,9 миң адамды түзгөн. Бул Ысыккөл областынын калкынын саны 40 жыл ичинде 1,8 эсеге көбөйгөн дегенди билдирет. Мунун ичинде шаардыктар 1,7 эсеге айыл калкы 2 эсеге өскөндүгүн көрсөтүүдө. Калктын шаардык жана айылдык, проценттик өзгөрүүлөрү 1-таблицада көрсөтүлгөн.

**Ысыккөл областынын калкынын саны**

1-Таблица

| Жылдар | Калктын саны (миң киши) | Анын ичинде | | Калктын жалпы санынан (процент менен) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | шаардыктар | айылдыктар | шаардыктар | айылдыктар |
| 1959 | 234,1 | 60,3 | 173,8 | 25,8 | 74,2 |
| 1970 | 312,0 | 88,7 | 223,3 | 28,4 | 71,6 |
| 1976 | 339,8 | 101,6 | 238,2 | 29,9 | 70,1 |
| 1978 | 346,9 | 104,8 | 240,8 | 30,1 | 69,9 |
| 1980 | 355,4 | 107,3 | 248,1 | 30,2 | 69,8 |
| 1983 | 370,8 | 115,1 | 255,7 | 31 | 69,0 |
| 1985 | 385,7 | 119,9 | 265,8 | 31,1 | 68,9 |
| 1988 | 401,3 | 125,2 | 276,1 | 31,7 | 68,3 |
| 1990 | 418,1 | 135 | 283,1 | 32,3 | 67,7 |
| 1991 | 426,4 | 139 | 287,4 | 32,4 | 67,6 |
| 1992 | 428,8 | 140,2 | 288,6 | 32,7 | 67,3 |
| 1993 | 429,3 | 139,3 | 290,3 | 32,4 | 67,6 |
| 1994 | 424,7 | 135 | 289,7 | 31,8 | 68,2 |
| 1995 | 425,3 | 134,9 | 290,4 | 31,7 | 68,3 |
| 1996 | 427,1 | 135 | 292,1 | 31,6 | 68,4 |
| 1997 | 414,5 | 129,4 | 285,1 | 31,2 | 68,8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1998 | 414,6 | 128,3 | 286,3 | 30,9 | 69,1 |
| 1999 | 414,9 | 127,3 | 287,6 | 30,7 | 69,3 |
| 2000 | 417,9 | 127,0 | 290,9 | 30,4 | 69,6 |
| 2001 | 420,2 | 126,4 | 293,8 | 30,1 | 69,9 |
| 2002 | 422,1 | 125,4 | 296,7 | 29,7 | 70,3 |

Жогорудагы 1-таблицадан көргөндөй, Ысыккөл областынын калкынын саны динамикалуу өсүүдө. Бирок эмиграцияга ылайык областан, жалпы эле республикадан орус, немец, татар, белорус, украин ж.б. улуттагы адамдар Советтер союзунун кулашы менен кете баштакан. 1993-1994-жж. калктын саны кыскарып 424,7 миң адамды, ал эми 1996-1997-жж. болгону 414,5 миң адамды түзгөн.

Ысыккөл областынын негизги калкы айылда жашашат - 70,3%, шаар калкы болгону 29,7%ти гана түзөт. 1993-2003-жж. алсак шаар калкы 3,1% төмөндөгөн. Анын ичинже Балыкчы шаары - 2,6%, Чолпоната шаары - 8,5%, пгт Акбулак - 14%, пгт. Жыргалаң - 22%, пгт. Пристань-Пржевальск - 12,5%.

Бул көрсөткүчтөр областагы өндүрүштүн көлөмүнүн кыскарышы жана миграциялык агымдын өсүшүнөн улам болгон. Өзгөчө пгт. Кажи-Сай менен Жыргалаңдын калкынын саны азайган. Кажисайда 1989-ж. 8,2 миң киши жашаган болсо, 2002-ж. 4,4 миң адам, т.а., 1,9 эсе азайган.

Мындай кырдаалдар биринчи кезекте экономикалык себептерге байланыштуу болот: шаарларда жана шаар тибиндеги айылдарда көмүр казуу, түстүү металдарды өндүрүү, машина куруу ж.б. өндүрүштүн тармактарынын өндүрүмдүүлүгү төмөндөп кээ бирлери жабылып ишке кирбей калышы болууда. Муну менен бирге социалдык-маданий инфраструктура мекемелеринин саны кыскарган.

Жалпысынан алганда, он жыл ичинде айыл тургундарынын саны 3,4% өскөн. Бирок кээ бир айылдарда калк саны азайган кээ бирлеринде 1989-ж. деңгээлинде калган.

Мындай көрүнүштөр Ысыккөл областынын баардык райондорунда жана шаарларында байкалат. Каракол шаарынын калкынын саны жогорку жана орто кесиптик техникалык окуу жайларына келген жаштардын эсебинен 4,6% өскөн.

Табийгый өсүштүн башкы көрсөткүчү – балдардын төрөлүшү жана өлүм-житимдин азайышы. Төрөлүүлөрдүн санына эң чоң таасир кылуучу фактор- булар бир элдин тарыхый сакталып келе жаткан улуттук өзгөчөлүгү. Кыргыз элинин улуттук салты боюнча көп балалуу үйбүлө кадыр-баркка ээ. Мындай үйбүлөдө балдар эмгекчил, боорукер, бири-бирине жардам беришип, өзүмчүл болбой чоңоёт. Бирок төрөлгөндөрдүн саны барган сайын азайууда. 1998-ж. калктын ар 1000 адамына эсептегенде 18-20 баланы түзүүдө.

Калктын өсүш динамикасына түздөн-түз таасир этүүчү дагы бир фактор өлүм житим. Өлүм-житимдин көрсөткүчү Адам өмүрүнүн узактыгына байланыштуу. Өлүм көбүнчө наристелер менен улгайган адамдардын арасында жогору.

Калктын өсүшү никелешүүгө жана никенин бузулушуна да байланыштуу. Мыйзамга ылайык никелешүү 18 жаштан башталат. Ошондуктан калктын табийгый өсүшүн негизинен никеде турган 20 жаштан 29 жашка чейинки аялдар камсыз кылат. Нике кургандар менен ажырашкандар боюнча Көл өрөөнү республикалык көрсөткүчтөн бир аз эле айырмаланат. Республикага салыштырганда никелешкендер көбүрөөк, ажырашкандар азыраак.

**Үйлөнгөндөр, ажырашкандар жана үйлөнүү, ажырашуу коэффиценти**

| Жылдар | Үйлөнгөн-дөрдүн саны | Ажырашкан-дардын саны | Калктын 1000 адамына эсептегенде | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Үйлөнгөндөр | ажырашкандар |
| 1985 | 3570 | 468 | 9,2 | 1,2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1990 | 3963 | 617 | 9,4 | 1,5 |
| 1991 | 4643 | 667 | 10,9 | 1,6 |

Ысыккөл областынын аймагында 70 ашык улуттун өкүлдөрү жашайт. Негизги улуттук тайпага кыргыздар (76,5%) жана орустар (15,1%) кирет. Акыркы он жылдын ичиндеги миграциялык процесстин жана демографиялык кырдаалга байланыштуу облас калкынын улуттук курамында маанилүү өзгөрүүлөр болду. Т.а., областа кыргыздардын саны акыркы он жылда 55 миң кишиге же 20% өскөн. Шаар калкынын көбүн кыргыздар түзөт. Каракол шаарында кыргыздардын салыштырмалуу салмагы – 57%, орустар – 27%, Балыкчы шаарында 84% жана орустар 11%, Чолпоната шаарында 66% жана 26%, пгт. Кажисайда 71% жана 25%, болгону пгт. Пристань-Пржевальскиде кыргыздар 23%, орустар 63% түзүшөт.

Бир улуттун өкүлдөрү жашаган айыл тургундарына Тоң району жана Жетиөгүз районунун көпчүлүк айылдары кирет. Аксуу, Ысыккөл, Түп райондорунун көпчүлүк айылдарында кыргыздардан тышкары казак, орус, калмактар жашашат. Мисалы Ысыккөл районунун Ананьево айлында кыргыздар 47%, орустар 42%, Өрүктү-хутор айлында 54% кыргыздар, 40% казактар, Аксуу районундагы Чельпек айлында 45% кыргыздар жана 52% калмактар ж.б. Калктын аймактык жана жашаган жерине жайгашышы 2-таблицада көрсөтүлгөн.

**Ысыккөл областынын калкынын территориялык жана жашаган жери боюнча жайгашышы**

2-Таблица

| Район | Аянты (миң кв. км.) | ПГТ (саны) | Айыл кеңеши (саны) | Калк (миң киши) | Калктын жыштыгы (кв. км. 1 адам) |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 199,945 | 29 | 439 | 5012,1 | 25 |
| Ысыккөл областы: | 43,100 | 6 | 58 | 423,0 | 9,9 |
| Ак-суу р-ну | 10,100 | | 13 | 58,7 | 5,9 |
| Жети-Өгүз р-ну | 14,200 | | 13 | 77,8 | 5,1 |
| Тоң р-ну | 6,0 | 1 | 8 | 47,9 | 7,4 |
| Ысыккөл р-ну | 4,8 | 1 | | 72,0 | 27,1 |
| Түп р-ну | 2,1 | 1 | | 56,8 | 14,8 |
| Каракол шаары | 48 | 2 | 12 | 68,0 | 1.416,7 |
| Балыкчы шаары | 21 | 1 | 12 | 41,8 | 2.233,3 |

Ысыккөл областынын калкынын демографиялык деңгээли боюнча: 65 жаштан жогоркулардын теңдик салмагы – 6,3% (орточо эсеп менен - республикада 5,5%). Шаар калкынын улуу муундары 5,7%тен кем эмес, айылда – 6,5% көпчүлүк кары–картаң адамдар Ысыккөл жана Тоң райондорунда жашашат (65 жана андан улуу муундар 7% түзөт).

Ысыккөл областында жыныстык тең салмактуулук жакшырууда 2002-ж. 1000 аялга 980 эркек туура келген (1999-ж. – 975, 1989-ж. – 953, 1979-ж. – 941 эркек туура келген) (3-таблица).

Областа жылыга ар бир 100 кызга 104 бала төрөлөт, бирок эркектердин өлүмү жогору жана аялдардын өмүрүнүн узактыгы орто эсеп менен алганда эркектердикинен 8-9 жылга көп. 35 жаштан баштап маанилүү жыныстык тең салмактуулуктун өзгөрүшү байкалып 90 жаштан өйдө аялдар эркектерден төрт эсеге көптүк кылат.

**2002 жылга карата айыл менен шаар калкынын аялдары жана эркектеринин тең салмактуулугу**

3-Таблица

| | Миң аялга туура келген эркектер | | |
|---|---|---|---|
| | **Баардык калк** | **Шаар калкы** | **Айыл калкы** |
| Кыргыз республикасы | 977 | 916 | 1011 |
| Ысыккөл областы | 980 | 896 | 1017 |

Жалпысынан област боюнча калктын жыштыгы орточо эсеп менен 1 кв. км. жерге 11,2 адам туура келет (Ысыккөлдүн акваториясынын аянтынан тышкары).

Калктын тыгыз жайгашкан райондору Түп (1 км. кв. жерге 14,8 адам) менен Ысыккөл (1 км. кв. 27,1 адам). Аксуу, Жетиөгүз, Тоң райондорунун көпчүлүк аймагын тоолор ээлегендиктен калктын жыштыгы орточо эсеп менен 1 км. кв. 5,9; 5,1 жана 7,4 адам тура келет.

Түп менен Ысыккөл райондорунда жаратылыш-климаттык шарттары дан жана май өсүмдүктөрүн, картошка, алма-бак өстүрүүгө ыңгайлуу жана үй жаныбарларын багууга ыңгайлашкандыктан башка райондордон айырмалуу жана жогорку экономикалык көрсөткүчтөргө ээ.

Кыргызстанда жүздөгөн жылдар бою тышкы миграция басымдуулук кылып келген. Орустар менен украиндер бир кылка болуп жашаган Чүй, Талас, Ысыккөл, Фергана өрөөндөрүндөгү калктуу пункттарды орусиянын европалык бөлүгүнөн көчүп келгендер негиздешкен. Ошол эле учурда XIX к. экинчи жарымында немис калкы Украинадан, Орусиядан куугунтукталып көчүп келген мигранттары болгон. XIX к. экинчи жарымында чыккан көтөрүлүштөрдөн кийин кытайлык бийликтен жапа чеккен, куугунтукка алынган дуңгандар, кийинчерээк уйгурлар көчүп келип отурукташкан. 20-30-жж. Түн. Кавказдагы даргин, түрк ж.б. улуттардын дыйкандары да көчүрүлүп келинген.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында зордук менен көчүрүлүп келинген чечен, ингуш, карачай, балкар, Крым татарлары менен катар, немецтик баскында калган европалык бөлүктөн орустар, украиндер, белорустар ж.б. миңдеген мигранттар көчүп келип, жайгашкан. Алардын көпчүлүгү согуш инвалиддери, аялдар, кары-картаңдар болгон. Кийинки 30-40 жылдын ичинде Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Орусиянын түндүгүнөн өз ыктыяры менен «жакшы жер» издеп келгендердин саны да арбын болгон. 80-жж. Аягында сырттан көчүп келүүлөрдүн саны кыскарып, тескерисинче 90-жылдары областан жалпы эле республика боюнча көчүп кетүүлөрдүн саны көбөйө баштаган. Анын эң эле күч алышы 1993-жылга туура келет. Көчүп кеткендер негизинен жакынкы чет өлкөлөргө Орусия, Өзбекстан, Казакстан, Украина, Белорусияга оошкон.

Алыскы чет өлкөлөргө кеткендер анча деле көп эмес. Негизинен Германия, Израиль, АКШ өлкөлөрүнө кеткендер.

Ички миграциялык процесстин жүрүшү шаар жана айыл-кыштактардагы өндүрүштүк, рыноктук мамилелер менен шартталган. Акыркы жылдары материалдык жана социалдык шарттар төмөнүрөөк райондор менен облустардан өнөр жайлуу облустарга, шаарларга келип отурукташуу агымы жүрүүдө. Ысыккөл областынан Бишкек шаарына көбүнчө жаштар көчүп кетип жатат. Өтө көптөгөн жаштар билимин улантуу максатында шаарларга отурукташкан. Ошондуктан, ички миграциянын басымдуу көпчүлүгү (80%) эмгекке жарамдуулар болуп эсептелет.

**Адабияттар**


1. Социально-экономическое положение КР (январь-декабрь). -Бишкек, 2004.
2. Демографический ежегодник КР 1998-2002гг. -Бишкек, 2003, с. 77-158.
3. Ысыккөл облусу. Энциклопедия. -Бишкек, 1995. 56 б.
4. Стратегическая матрица Кыргызстана: ретроспектива, современность и сценарии будущего развития. /Под. ред. А.Б. Байшуакова. –Москва - Алматы, 2007.